УДК 910.4

Тутаева Ж.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ТАЙМАНБАС АДАМДАРДЫН ТАГДЫРЫ- ЗАЛКАР ЭСТЕЛИК (А.П.ФЕДЧЕНКОНУН ТУУЛГАН КҮНҮНҮН 170 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА)

*Макалада Борбордук жана Орто Азияны изилдеген Алексей Павлович Федченконун ишмердүүлүгү баяндалды. Табийгаттын татаал сырларын ачууга ынтызар жаш окумуштуунун көздөгөн максаты Алайга, «дүйнөнүн чокусу» аталган Памир тоолоруна жетүү эле. Андан бери 145 жылга жакын убакыт болду, бирок талантуу саякатчынын илимий табылгалары али да мактоого арзырлык.*

Жер бетинде мындай залкар эстелик жок чыгар. Болсо да, баары бир ага тең келери табылбас. Ал 900 чарчы километр аянтты алып, 5240 метр абсолюттук бийиктиктен 3000 метр бийиктикке чейин 71 километрге созулуп жатат. Аны көргүсү келгендер ат арытып жол басып, нечен бийик бел ашып, таштан-ташка урунуп, сүрдүү күрпүлдөп, буурадай атырылган азоо сууларды кечип, табийгаттын дагы кыйла кубулуштарын көрүп, анан гана ага жете алышат. Айтып жаткан залкар эстелигибиз - «Дүйнөнүн чокусу» деп аталган Памирдеги Федченко мөңгүсү.

Чокусу асман тиреген, ала булуттар менен кучакташкан бийик тоолордо түбөлүк уйкуда жаткан мөңгүлөр мындан ондогон жылдар мурда Адам баласына эч качан багынбачудай болуп сезилчү. Жер бети жибип, жаркыраган жаз келгенде, кенен капчыгай аркылуу күркүрөп аккан тоо суусу үйдөй таштарды омкоруп албууттанып, эч максатсыз агып жатканына арадан канча жылдар өтпөрдү. Туш-туштан ак кардуу бийик тоолор тосуп жаткандыктан, мөңгүнүн географиялык абалы, чоңдугу, табийгаты ага жакын Мөк дарыясын өрдөп жайлаган кыргыздар үчүн сырдуу ребус болуп кала берген. 1878-жылы мөңгүнүн этегине жеткен орус окумуштуусу Ф.В.Ошанинге жергиликтүү эл мөңгү жөнүндө алымсынарлык маалымат бере алышкан эмес.

Памир эмес, андан берки Алай, Фергана өрөөндөрү, Зеравшан бассейни, Кызыл-Кум, Кара-Кум чөлдөрү, Тянь-Шань тоолору өткөн кылымдын 50-60 жылдарында европалыктар үчүн «белгисиз жер» болуп келген. Европалык илимпоздор бул жерлерден көрө, Айдын бетин жакшы билишкен. Бирок жаратылыш сырлары Адам баласына акыры алаканга салгандай белгилүү боло баштады. Илгертен бери «багынбас» катары эсептелип келген Памирдин көз жеткис тоо кыркалары жүздөгөн жылдарга чейин «Дүйнөнүн чокусу» делип аталган.

Борбордук жана Орто Азиянын табийгаты, калкы, маданияты ал кезде окумуштууларды, өзгөчө, орус саякатчыларын кызыктырган. Казак жүздөрүнүн, Орто Азиянын башка элдеринин Россиянын составына кошулушу Азиянын ички бөлүктөрүн изилдөөгө кеңири жол ачты. А.И.Бутаковдун, П.П.Семеновдун, Ч.Ч.Валихановдун, Н.А.Северцовдун жана башкалардын илимий баалуу экспедициялары Балхаш көлүнөн Аму-Дарыяга, Арал деңизинен Чыгыш Тянь-Шанга чейин созулган кеңири край менен тааныштырды.

Бирок Орто Азиянын түштүгү, азыркы Фергана өрөөнүнүн аймагы, «Дүйнөнүн чокусу» Памир, Хива, Бухара, Кокон хандыктарынын карамагында болгондуктан, өткөн кылымдын 70-жылдарында изилдөөчүлөр үчүн «тыюу салынган зона» болуп кала берген.

Бул жерлерди изилдөө үчүн биринчи аттангандардын бири Россиянын ошол кездеги эң жаш таланттуу, табиятты изилдөөчү окумуштуу-саякатчысы Алексей Павлович Федченко болгон. Учурдагы саясий татаал кырдалга карабастан, эр жүрөктүүлүк менен бел байлаган. 1869-жылы москвалык Табият таануу коомунун туркестандык экспедициясын башкарып, Алексей Павлович зайыбы Ольга Александровна Федченко менен бирге өзүнүн орто азиялык изилдөөлөрүн Зеравшан бассейининен баштаган. Сегиз ай бою саякатчылар Зеравшан өрөөнү, аны курчап жаткан тоолор, Орто Азиянын эң эски шаарларынын бири Самаркан, жергиликтүү өзбек, тажик калкы менен таанышкан. Орто Азиянын, жакынкы чыгыш жана башка элдердин арасында кеңири таралган риштоздук ооруну изилдеп, ришта мите куртунун таркалыш жолун тапкан. Изилдөөчүлөрдүн биринчи эле жылы чогулткан зоологиялык, этнографиялык, дары-дармек ж.б. коллекциялары 17 миң нускадан ашкан. Алардан тышкары, бул аймактардан буга чейин илимге белгисиз болгон балыктын 29 түрү, аарынын 284 түрү, өсүмдүктөрдүн 25 тен 65 ке чейинки түрлөрүнөн миңдеген баалуу гербарий жыйналган. Окумуштуунун бул илимий жаңылыктары табият сүйүүчүлөр үчүн зор табылга болгон.

1870-жылы Федченколор изилдөөлөрүн улантып, Туркестан, Зеравшан, Ысар тоолорун аралап, алардын бийик Альпы кардуу Нивал зоналарына чейин жетишет. Ягноб дарыясынын өрөөнүнөн саякатчылар илгерки согдан (Согдиана) элинин укум-тукумдары менен кезигишет.

Федченконун эң манилүү саякаты 1871-жылы ишке ашат. Туркестан генерал-губернатору Кауфмандын колдоосу менен көп жерлерге саякат жасоого мүмкүнчүлүк алат.

Саякатчылар бир ай бою Туркестан, Алай тоолорун кыдырып, нечен жолу алардын кар, мөңгү баскан кыркаларына чейин көтөрүлүшөт. Бирок мунун баары А.П.Федченкону алымсындырбайт. Анын оюу, көптөн көздөгөн максаты Алай, андан соң Памирге жетүү болучу. 19–июлда Теңизбай ашуусун ашып, экспедиция Дараут-Коргонго келип токтоду. Алайлык кыргыздарды башкарган Ысмайыл-токсоба (башчы) орус саякатчысын мээримдүүлүк менен тосуп алып, меймандарга үч күн сый көрсөтөт. Бирок токсоба экспедицияны Алайдан ары Памирге өткөрбөйт. Ошол кездеги татаал саясий кырдаалды, саякатчылардын коопсуздугун ойлоп, Ысмайыл Федченкого кайра Коконду көздөй бет алууну сунуш кылган. Атайын Алайды, Памирди изилдөө үчүн келип, Памирдин босогосунда болуп, жеткенде кайра тартуу Федченко үчүн өтө оор түйшүк болгон. Кийин бул саякатынан Россияга кайтып келгенден соң, өткөн окуяларды эскерип олтуруп, Алексей Павлович кыргыз полковнигинин көкөй кескен чечимине өкүнсө да, "Бирок ошол мезгилдеги кырдаалга башка айла жок эле", - деп жазган.

«Дүйнөнүн чокусуна» жете албасына көзү жеткенден кийин Федченко Памирдин табийгаты, калкы, Каратегин Алай жөнүндө сурамжылап көп маалымат чогулткан. Ысмайыл токсоба, Нурмукамбет жана башка алайлык кыргыздардан кеңири жооп алып, орус окумуштуусу жергиликтүү элдин өз жерин Памирди

мыкты билбегендиктерин белгилейт. Кызыл-Сууга караганда Мок дарыясында агын суу көптүк кылат дегенди угуп, саякатчы Памирдин тоолору Алайдын тоолорунан бийик келиш керек деп туура тыянак чыгарган. Алайдын өрөөнү талаа мүнөздүү мал жайыты үчүн ыңгайлуу экендигин аныктаган. Ак кардуу Чоң-Алай тоолорунун абсолюттук бийиктиги 5300 метр чамасында, ал эми анын чокулары болсо 6100-6400 метрге жетет деп билгичтик менен көрсөткөн. Окумуштуунун Чоң-Алай тоолорунун эң бийик жери (азыркы Ленин чокусу) Хан-Теңир чокусунан бийиктик кылат дегени да кийин туура чыкты.

Алай, Памир, Орто Азиянын жер шарттарынын түзүлүшү, өлкөнүн жалпы табигий шарттары жөнүндө Федченко өз мезгили үчүн өтө кеңири, так мүнөздөмө берип, илимге чоң салым киргизген. Анын түзгөн картасы жогору бааланган. Окумуштуу өзү зоолог болгондуктан, Орто Азиянын жаныбарлар дүйнөсүн изилдөөдө өтө көп эмгек сиңирген. Анын фауналык коллекциялары 57 миңден ашкан. Анын зайыбы ботаник, сүрөтчү О.А.Федченко өлкөнүн өсүмдөктөрүн изилдеп, Алай, Гисар (Ысар) тоо системасынын, Туркестан крайынын көп жерлерин биринчи болуп сүрөткө тартып алган.

Федченконун үч жылга созулган саякатынын мезгилинде көп илимий табылгалар жасалган. Анын чогулткан материалдары кийин 22 том болуп жарыкка чыкты. Бул Орто Азия боюнча жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр жөнүндөгү баа жеткис табылга экендиги талашсыз. Бирок таланттуу окумуштуу өзүнүн иштеген иштерине толук канааттанбайт. Жалындаган жаштык кайрат, илимий зор эрдиктерге шыктантып, Орто Азияга дагы кайрылып келүүнү самайт. Келечекте ал Тянь-Шандын, Памирдин мөңгүлөрүн, геологиялык түзүлүшүн, ландшафттарын изилдемек болот. Ошол максатына жетүү үчүн ал европалык окумуштууларга маалым, бийик тоолуу өлкөлөр үчүн эталон болгон Альпы тоолорун изилдемек болот. 1873-жылы күзүндө Швейцария, Францияга саякат кылып, Альпы тоолорунун мөңгүлөрү менен таанышат. Акыркы жолу 15-сентябрь күнү Альпынын эң бийик чокусу Монбландын өрөөнүндөгү мөңгүгө чыкмак болот. Мөңгүнүн белине жеткенде катуу кардуу бороон согот. Чарчап-чаалыгып, алсыраган саякатчыны мөңгүгө алып барган жергиликтүү билермандар муздун үстүнө таштап кете беришкен. Кардын астында тоңуп калган саякатчыны эртеси араң табышкан. Таланттуу орус окумуштуусу 29 жашында трагедиялык түрдө дүйнөдөн кайткан. Бул илимий майдандагы орду толгус оор жоготуу болгон.

Анын сөөгү Альпынын этегиндеги француздук Шаман кыштагына коюлган. Чакан мрамор эстеликте “Сен уктап жатасың, бирок сенин эмгектериң унутулбайт” деп жазылган. Чынында да, окумуштуунун эмгектери, ысмы унутулган жок. Анын “Туркестанга саякат” аттуу баалуу эмгеги кийин да кайрадан басылып чыкты. Окумуштууга арналган көптөгөн эмгектер жазылды, Туркестанды изилдөөгө, ал аймакты комплекстүү окуп-үйрөнүү саякатына үстүбүздөгү жылы 145 жыл толот. Илимге ынтызар, таланттуу инсан Алексей Павловичтин табийгаттын татаал сырларынын адам баласынын жашоосуна кызмат кылуусуна багытталган зор эмгеги биздин күндөрдө да өзүнүн баалуулугун жоготкон жок десек, аша чапкандык болбос деген ой туулат.

1878-жылы Памирге саякат кылган ташкенттик зоолог В.Ф.Ошанин Мөк дарыясынын башында жаткан чоң мөңгүнү биринчи болуп изилдеп чыккан. Илимде белгисиз болгондуктан, аны өзү менен Москва университетинде бирге

окуп өскөн досу Алексей Павлович Федченконун ысмы менен атоого сунуш кылган.

“Дүйнөнүн чокусу” Памирдин койнунда залкар эстелик жаркырайт. Ал - орус элинин атактуу окумуштуусу, Орто Азиянын эр жүрөк изилдөөчүсү А.П.Федченконун ысмын, эмгектерин, илимий эрдигин бүт ааламга даңазалаган эстелик. Аны – Федченко мөңгүсүн – укпаган, картадан көрбөгөн адам аз чыгар.

...Жаңырык добуш менен сүрдүү күркүрөп аккан тоо суусу терең капчыгайдан нугуна батпайт. Табийгат сырларынын татаалдыгын даңазалаган албуут агым бир нече тонналаган салмактагы таштарды, тоо тектерин омкоруп, бийик-бийик жарларды кемирип, өз жолунда эбегейсиз татаал кызмат аткарган, тентек дайра чаңкап жаткан эгин талааларын көздөй зор ылдамдык менен закымдап шашат. Бул жер бетиндеги бардык жаратылыш процесстеринин, кубулуштарынын жана адам баласынын тиричилигинде эң зор мааниге ээ бийик тоолордун мөңгү суулары...

Адабияттар:

1. Федченко А.П. Сборник документов. -Ташкент: Издательство Узб. ССР, 1956.

2. Азатьян А. Сочинения В.Ф.Ошанина, 1877 г. Алайская долина, “Туркестанские ведомости”, № 1, 2, 3 и 9. 1879 г.; “Краткий очерк ученых экспедиций, совершенных в Туркестанском крае в 1878 г., Ташкент; На верховьях Муксуу. //Туркестанские ведомости, № 33, 37, 43, 1879.

3. Азатьян А. Выдаюшиеся исследователи природы Средней Азии. -Ташкент: Изд. Средняя и высшая школа, 1960.